Тиркеме1

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

«ДИН МАДАНИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ» КУРСУ БОЮНЧА ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

БИШКЕК – 2017

Автор-түзүүчүлөр:
Жетекчиси: Иманкулов М.К. – п.и.к., доцент;
Мүчөлөрү:
Козубаева Б.У. – КББАнын ага илимий кызматкери;
Дөөталиев А.К. – «Сапат» Эл аралык билим берүү мекемесинин тарых кафедрасынын башчысы
Курманалиев К.А. – И.Арабаев атындагы КМУнун ага мугалими.

МАЗМУНУ

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Документтин статусу жана структурасы
1.2. Жалпы билим берүү уюмунун негизги нормативдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖАНА МАЗМУНУ

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери
2.2. «Дин маданиятынын тарыхы» курсун түзүүнүн методологиясы
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы
2.5. Мазмундук сызык: окуу материалын мазмундук сызык боюнча бөлүштүрүү
2.6. Предметтик аралык байланыштар. Өзөктүк тематикалык сызыктар

3. БИЛИМ БЕРҮҮНҮНҮН НАТЫЙЖАСЫ ЖАНА БААЛОО

3.1. Окуучуларды окутуунун күтүлүүчү натыйжасы
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиясы

4. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

4.1. Ресурстук камсыз кылууга коюлуучу талаптар
4.2. Түрткү болуучу окутуу чөйрөсүн түзүү

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Кыргыз Республикасы азыркы мезгилде карама-каршылыктуу, татаал этапты башынан өткөрүп жатат. Коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, идеологиялык өзгөрүүлөр коомдун жана мамлекеттин жашоосунун бардык чөйрөлөрүнө, анын ичинде, диний көз караштарга да олуттуу таасирин тийгизди. Диний көз караштардын калыптануусу билим берүү тармагындагы мамлекеттин саясаты менен түздөн-түз байланыштуу. Мына ошондуктан мамлекеттин жана коомчулуктун талаптарын эске алып Жалпы орто билим берүүнүн окуу планына «Дин маданиятынын тарыхы» курсу киргизилди. Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлигинин тапшырмасы менен Кыргыз Республикасында дин маданиятынын негиздери курсун окутуу стандарты иштелип чыкты.

1.1. Стандарттын статусу жана структурасы:

«Дин маданиятынын тарыхы» боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз, орус, өзбек, тажик ж.б. тилдерде жүргүзүлгөн бардык мектептери үчүн бирдиктүү болуп, бардык окуучуларга сапаттуу мектептик билим алуусу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

1.2. Жалпы билим берүү уюмунун негизги нормативдик документтердин системасы

Бул стандарт:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын 1-статьясына жана 16-статьясына;
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 3-статьясына;
- Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» (1991-ж.) мыйзамынын 4-статьясына;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 «Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-августундагы № 544 токтомуна;
- дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясынын жана башка мыйзамдык-нормативдик документтердин жоболоруна ылайык түзүлгөн

.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча предметтик стандарт негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы орто билим берүүнүн базистик окуу планы, жалпы билим берүү уюмунун окуу планы, негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар, окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолор менен комплексте колдонулат

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул стандарттагы түшүнүктөр жана терминдер, алардын аныктамасы жана кыскартылышы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык колдонулду

Базалык жалпы билим берүү предметтери – окутуунун бардык баскычтарында жана окутуунун бардык профилдеринде бардык окуучулар үчүн милдеттүү болуп саналган предметтер.

Базалык окуу планы – жалпы билим берүүчү мекемелердеги окутулуучу милдеттүү предметтердин тизмесин, аларды окутуунун ырааттуулугун, окуу жүгүнүн көлөмүн аныктаган жана белгилеген документ.

Баа – окуучуда калыптанган компетенттүүлүктүн, Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекемделген сапаттык аныктоо даражасы.

Баа берүү – окуучунун когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигине, мугалимдердин, класстын, мектептин ишине байкоо жүргүзүүнүн, ошондой эле алынган билимдин натыйжаларынын пландаштырылганга ылайык келүү даражасын аныктоо үчүн билимдин сапатын жакшыртуу максатында маалыматты сыпаттоонун, чогултуунун, каттоонун жана интерпретациялоонун тутумдуу процесси.

Баа берүү тутуму – жетишкендиктерди өлчөөнүн жана окутуу маселелерин диагноздоонун, эки жактуу байланышты түзүүнүн, окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге, мамлекеттик жана коомдук түзүмдөргө илим берүүнүн абалы, маселелери жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат берүүнүн негизги каражаты.

Белгилөө – баанын сандык билдирилиши.

Билим берүү тармагы – адамдын ишмердигинин белгилүү чөйрөсүнө тиешелүү, илимий жана практикалык иштин педагогикалык жактан жатыккан тажрыйбасы түрүндө берилген билим берүүнүн мазмуну.

Билим берүү областы – турмуш чындыгынын белгилүү бир чөйрөсүнө таандык болгон билимдин мазмунун жана ал билимдин мазмунун өздөштүрүү боюнча бүтүрүүчүгө коюлуучу талаптарды өзүнө камтып турат.

Билим берүү процесси – педагогдордун түздөн-түз катышуусу менен ар кандай түрдөгү сабактар жана окуучунун өз алдынча сабактары, ошондой эле билим берүүнүн максаттары жана натыйжалары жүзөгө ашырылган окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн сынактары, зачеттору, аттестациялоонун башка түрлөрү сыяктуу окутуунун жана тарбиялоонун уюштурулган процесси.

Билим берүү процессинин катышуучулары – окуучулар, педагогикалык кызматкерлер, билим берүү уюмунун башкаруучу жана окуу-көмөкчү персоналы, окуучунун ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү).

Билимдин сапаты – билим берүүнүн натыйжасынын ар кандай билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүндөй эле коомдун) күткөндөрүнө же алар алдыга койгон максаттары менен милдеттерине ылайык келүү даражасы.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча предметтик стандарт – окуучунун билим алышынын, аларга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын жөнгө салган документ.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун базалык мазмуну – билим алууну улантуу тепкичинде мектепте окутулууга милдеттүү сабактын мазмунун түзүлүшүнүн жана курамынын тизмеси.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмунун милдеттүү деңгээли – окутуу процессинде өздөштүрүүгө милдеттүү болгон, тизмектелген билим, ошондой эле, билгичтиктер жана ишмердүүлүк тажрыйбасы.

Долбоор – практикалык же теориялык маанилүү маселелерди чечүүдө жетишиле турган, окуучулардын өз алдынча жана топтук ишин талап кылган натыйжаларга багытталган мектеп окуучуларынын когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигин уюштурууну камсыз кылуучу педагогикалык технология.

Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты – Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү ченемдик-укуктук документ. Ал:

- мектептик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде билим берүүнүн бардык тармактарында белгиленген максаттарды жүзөгө ашырууну камсыз кылат.

- билим берүү процессин жөнгө салат.

- улуттук жана региондук/жергиликтүү деңгээлдерде билим берүү тутумун өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Жеке билим берүү траекториясы – педагогдун ата-энелер менен бирге өз ара аракеттенүүсүндөгү координациялык, уюштуруучулук, консультациялык ишмердигинде жүзөгө ашырылган ар бир окуучунун тийиштүү жөндөмдүүлүгүнө, мүмкүнчүлүгүнө, жүйөлөрүнө, таламдарына ылайык жеке билим берүү максаттарын жүзөгө ашыруу боюнча алардын окуу ишинин элементтеринин белгилүү ырааттуулугу.

Инклюзивдик билим берүү – балдарды сегрегациялоонун ар кандай формаларын четке каккан ийгиликтүү окуу жана социалдашуу үчүн шарттарды түзүү аркылуу бардык окуучулардын керектөөлөрүнүн жана муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүнө улуттук билим берүү тутумунун багытталышынын жана таасир кылышынын динамикалуу процесси.

Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

Компетенция – (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

Мамлекеттик компонент – менчигинин түрүнө карабастан бардык типтеги мектептер үчүн милдеттүү болгон мамлекеттик стандарттардын талаптарын жүзөгө ашырган мектептик билим берүүнүн окуу планынын бөлүгү.

Мектептик стандарт – билим берүү уюму иштеп чыгып, бекиткен жана конкреттүү билим берүү уюмунун компетенциясынын чегинде окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу боюнча анын өзгөчөлүгүн чагылдырган документ.

Натыйжалар (билим берүүчү) – негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин топтому

Негизги компетенттүүлүк – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

Негизги компетенттүүлүк – окуучулардын өздөрү өздөштүргөн турмуштук иш ыкмаларын теориялык жана практикалык милдеттерди чечүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Предметтин концепциясы – мектептеги тарыхый билим берүү курсун системалык баяндоо, түшүнүү, түшүндүрмө берүү, жетектөөчү идеяларды ачып көрсөтүү, ирээттөө жана өнүктүрүү.

Предметинин программасы – мектептик тарыхый билим берүү курсунун мазмунун аныктоочу нормативдик документ.

Предметтик компетенттүүлүк – негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат.

Профилдик билим берүү – билим берүү процессинин түзүмүн, мазмунун жана уюштурулушун өзгөртүүнүн эсебинен окуучунун кызыкчылыгын, шыгын жана жөндөмдүүлүгүн кыйла толук эске алууга, жогорку класстын окуучуларынын билим алуусун улантуу жагындагы кесиптик кызыкчылыктарына жана ниеттерине ылайык алардын окуусу үчүн шарт түзүүгө мүмкүнчүлүк берген окутуунун дифференциялоо жана жекелештирүү каражаты.

Окутуунун максаты – окутуунун түпкү жана орто аралык натыйжасы, ага окуучулар негизги жана предметтик компетенттүүлүктүн белгилүү деңгээлинде билдирилген когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук чөйрөдө жетишет, аны мугалим өлчөп жана баа бере алат.

Окутуу технологиясы – билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун тутуму.

2. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖАНА МАЗМУНУ

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу социалдык-гуманитардык билимдердин бирдиктүү жана ошол эле мезгилде көп тармактуу бөлүгү.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун негизги максаты – окуучуларды диний жана руханий маданияттын социалдык өнүгүүдөгү ролун, өз элинин тарыхын, каада-салттарын, ырым-жырымдарын, улуттук өзгөчөлүктөрүн жана кайталангыстыгын аңдап билген, динди адамзат маданиятынын ажырагыс бөлүгү катары урматтаган, толеранттуу, компетенттүү инсанды, жалпы кыргызстандык жарандык жана маданий идентүүлүктү калыптандыруу.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун жалпы билим берүүчү мектептердин окуу планына киргизүүнүн максаттары:

– жалпы орто билим берүүчү мектептерде окуучулардын руханий маданиятын жана адептүүлүгүн камсыз кылуу, коом тарабынан терс социалдык тенденцияларды жана процесстерди четтетүүнүн негизги шарты катары кабыл алуу;

– жалпы орто билим берүүчү мектептерде ар кандай укук бузуулардын алдын-алуу;

– жаштардын арасында диний экстремизмдин, ар кандай диний, деструктивдик багыттардын жана агымдардын таасиринин таркап кетүүсүнүн алдын алуу;

– мамлекеттик билим берүү системасында диний ишенимдер жөнүндө туура маалымат берүү менен балдарды тарбиялоону өнүктүрүү;

– жалпы орто билим берүүчү мектептерде диний эмес көз караштык мамилелердин негизинде иштелип чыккан, дин маданияты тууралуу билимдерди окуп-үйрөнүү практикасын тартипке келтирүү;

– жакынкы келечекте коомдун диний жана диний эмес тараптарын интеграциялоо.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун негизги милдеттери:

Когнитивдик (тааныш-билүү) чөйрөсүндө:

- бул курсту окуп-үйрөнүүдө окуучулар коомдун жана цивилизациялардын өнүгүүсүнө таасир эткен өткөндөгү жана азыркы дүйнөдөгү диндердин, маданий каада-салттардын көп түрдүүлүгү, руханий баалуулуктары менен таанышат.

Жүрүм-турумдук чөйрөдө:

- окуучулардын азыркы көп маданиятту, көп этностук жана көп конфессиялуу коомдо адамдар менен мамиле түзүүдө колдоно билүү ыктары, адам укуктарына жана анын негизги эркиндиктерине, пикирин билдирүүгө, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигине, динин тандоосуна, расасына, жынысына, тилине жана динине карабастан инсандын ынанымдарына эркиндигин урматтоо мамилеси калыптанат.

Аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) чөйрөдө:

- өзүнүн жана башка адамдардын иш аракетин улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар жана коомдук эрежелердин нормалары менен дал келтирет, тарыхый

жактан калыптанган маданий, диний жана улуттук каада-салттардын, адептик жана социалдык эрежелер тууралуу ой-жүгүртүүнүн негизинде көз караштары калыптанат.

2.2. «Дин маданиятынын тарыхы» курсун түзүүнүн методологиясы

Дин – адамдын социалдык жана руханий ишмердигинин түрдүү жактары менен байланышкан көп аспектилүү феномен. Ошондуктан, түрдүү илимдин өкүлдөрү – философтор, тарыхчылар, социологдор, психологдор, этнологдор, культурологдор анын тигил же бул аспектилерин изилдөө менен алектенишет.

Советтик доордогу динди коомдун өнүгүүсүнө тоскоолдук кылган саркынды көрүнүш, «элдин башын айландырган апийим» катары караган официалдуу мамиле, аны маданий-тарыхый феномен катары таануган мамиле менен алмашылды. Ошол эле мезгилде республикадагы мамлекеттик-диний мамилелердеги ашыкча либерализм, коомдун конфессиялык структурасынын олуттуу өзгөрүүсүнө алып келди. Бүгүн дин жарандардын коомдук жана саясий аракеттерин жөнгө салууга таасирин тийгизип жатат.

Бүгүнкү күндө республикада дин илиминин көп жылдык салтынын, коомдук турмушка аралашуу тажрыйбасынын жетишсизиги, диний факторду саясий жана жеке кызыкчылыктар үчүн колдонууга аракет кылган учурлар кездешүүдө. «Диний» сабатсыздык жана диний эмес көз караштагы калктын дин жөнүндөгү маалыматтарынын төмөнкү деңгээли, «диний эмес» радикализмдин пайда болушуна шарт түзүп жаткандыгын да белгилөө зарыл.

Дин чөйрөсүндөгү коркунучтардын алдын алуу үчүн, мамлекет жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартына өз алдынча курс катары «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизет, ал:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын жарандарынын, билим берүү процессиндеги бардык катышуучулардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын камсыз кылууну;

- Билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик органдары тарабынан жалпы билим берүүчү уюмдарда дин маданиятынын негиздерин окуп-үйрөнүү боюнча мурда даярдалган маалыматтык-методикалык материалдардын мазмунун эске алуу менен иштеп чыгууну;

- коомдогу мамилелерде ийкемдүүлүктү, толеранттуулукту калыптандыруунун өзөгүн түзгөн, коомдун ичиндеги гармониялуу мамилелерди, руханий-адептик өнүгүүнү камсыздоого тийиш.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун окуп-үйрөнүү инсандар аралык жана маданияттар аралык мамилелерди, диний жана диний эмес көз караштардын өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү жолго коюуга шарт түзүүсү керек.

Бул стандарттын иш жүзүнө ашышы өсүп келе жаткан муундардын жашоосуна зор таасир этип, алардын сабырдуулук, ыймандуулук, адептүүлүк, мекенчилдик, чынчылдык жана адилеттүүлүк өңдүү сезимдерин ойготууга жана калыптандырууга мүмкүнчүлүк берип, түрдүү көз караштагы адамдар менен мамиле түзүү жана маектешүү компетентүүлүктөрүнө ээ болууга көмөктөшөт. Дин маданиятын жолго коюу иши, бул коомдогу кылмыштуулуктун ар кандай түрлөрүнө каршы профилактикалык чараларды көрүүгө жана ар кандай деструктивдик, экстремисттик, террористтик идеологиялардын таасирин четтетүүгө шарт түзөт.

Билим берүүнүн дин аралашпаган (светтик) мүнөзү, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы саясатынын негиз болуучу принциптеринин бири болуп саналат. Ал Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана тиешелүү мыйзамдарда бекемделген. Анын маңызы, билим берүүнүн жана тарбиялоонун мамлекеттик системасы, динге карата тигил же бул көз карашты калыптандыруу максатын көздөбөгөндүгүндө турат.

Билим берүүнүн дин аралашпаган (светтик) мүнөзү, төмөндөгүлөрдү болжолдойт:

1. Мамлекеттик билим берүү мекемелеринде, окуучуларга жана студенттерге белгилүү бир конфессиянын диний ишенимдерин таркатуу максатында динди окутууга, билим берүүчү программаларда жана милдеттүү сабактардын торчосунда диний предметтерди киргизүүгө жол берилбейт.

2. Диний уюмдардын мамлекеттик билим берүү мекемелериндеги окуу процессинин мазмунуна жана окутуу-тарбиялоо иштерин уюштурууга кийлигишүүгө, билим берүү стандартына ылайык келген окуу программаларынын, окуу китептеринин мазмунуна, алар тараптан болуучу цензурага жол берилбейт.

3. Мамлекеттик окуу жайлардын имараттарында диний символиканы, сыйынуучу предметтерди жайгаштырууга, сыйынуу жана диний ырым-жырымдарды өткөрүүгө, диний жана дааватчылык (миссионердик) мүнөздөгү иш чараларды уюштурууга, диний пропаганданын бардык формаларына тыюу салынат.

4. Мамлекеттик мектеп бардык диндердин же конфессиялардын өкүлдөрүнүн бир динден экинчи динге өтүүсү же прозелитизм үчүн тыюу салынуучу аймак болуп саналат.

Билим берүүнүн дин аралашпаган (светтик) мүнөзү атеизм эмес: мамлекеттик мектептерде атеисттик пропаганда да, диний пропаганда да болбоого тийиш. Дин, жалпы адамзаттык моралга негизделген, маданияттын феномени катары да, баалуулуктарды жана нормаларды иштеп чыгуунун механизми катары түшүнүлөт.

Мамлекеттик билим берүү мекемелериндеги билим берүүнүн дин аралашпаган (светтик) мүнөзүн камсыз кылуу, билим берүүнүн мамлекеттик системасын уюштурууга, курстун мазмунун аныктоодо диний уюмдардын кийлигишүүсүнө, диний билим берүүгө жана диний окууларды пропагандалоого жол берилбейт дегенди билдирет.

Билим берүү жана тарбиялоо процессин жүзөгө ашыруучу мамлекеттик билим берүүчү мекеме динге нейтралдуу жана динге карата тигил же бул мамилени калыптандыруу максатын көздөбөйт. Бул дин аралашпаган (светтик) мектептеги дин аралашпаган (светтик) билим берүү түшүнүгүнүн негизин түзөт.

Дин аралашпаган (светтик) мектеп динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги принцибин сактоонун гарантынын ролун ойнойт. Диний билим берүү жана тарбиялоо окуу программаларында каралган эмес, бирок ал балдардын, алардын ата-энелеринин же опекундарынын каалоосу боюнча дин аралашпаган (светтик) мектептен тышкары учурда диний билим алуусуна тоскоолдук көрсөтпөйт.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун педагогикалык принциптери:

- Окутуунун системалуулугу;
- Мазмундун интеграцияланышы;
- Окуучулардын социалдашуусуна педагогикалык колдоо көрсөтүү;
- Жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун жалпы билим берүүчү мектептердин окуу пландарына киргизүүнүн принциптери:

– билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын динге ишенүү же ишенбөө жана каалаган динин тутуу эркиндигинин конституциялык гарантияларын сактоо;

– дин маданияты тууралуу билим берүүнүн мазмунун түзүүдө бардык диндерге бирдей мамиле жасоо жана бир дагы динге же диндерге артыкчылык бербөө;

– расасына, улутуна, этникалык, диний жана социалдык тегине карабастан Кыргыз Республикасындагы адамдардын, элдердин ортосундагы жарандык тең укуктуулукту сактоонун, өз ара түшүнүшүүнү жана кызматташтыкты өнүктүрүүнүн негизинде коомдогу жарандык ынтымакты сактоо жана бекемдөө;

– ар бир окуучунун жалпы орто билим берүү системасында жалпыга жеткиликтүү билим алуу укугу жана мамлекеттик билим берүү системасында кабыл алынган мыйзамдык нормаларды сактоого, балдары үчүн үй-бүлөнүн, ата-энелердин жоопкерчилиги;

– балдарды тарбиялоодо, алардын көз караштарын жана маданий идентүүлүгүн калыптандырууда үй-бүлөгө артыкчылык берүү;

– диний жана башка көз караштарды калыптандыруучу, идеологиялык уюмдардын балдардын көз караштарынын калыптануусуна жана маданий өзүн-өзү аныктоо маселесине кийлигишпөөсү.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун өздөштүрүү – окуучулардын диндин табияты, мазмуну, тарыхы жана социалдык функциясы тууралуу илимий негизделген көз караштарын калыптандырууга багытталган, билим берүүчү жана тарбиялоочу таасир көрсөтүүнүн уюшулган процесси. Мындай өздөштүрүү билим берүүнү гуманитарлаштырууга, көз караштарын, руханий баалуулуктарын эркин аныктоого олуттуу көмөк көрсөтөт. Анткени, дин ар бир адамдын жеке ишенимдеринин жана көз караштарынын негизинде кабыл алынат. Дин маданияты жөнүндө билимге ээ болуу окуучулардын дин боюнча маселелердин назик жактарын дагы түшүнүүсүнө негиз болуп, алардын кругозорун кеңейтип, көз карашын калыптандырат. Муну менен коомдо руханий коопсуздукту камсыз кылат. «Дин маданиятынын тарыхы» курсу көз караштык жана конфессиялык толеранттуулукту калыптандыруу, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашырууга көмөктөшүү максатын көздөйт.

Төмөндөгүлөр «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмунун конструкциялоонун негиз болуучу принциптери болуп саналат:

– мектеп динди элдердин тарыхынын жана алардын өз ара мамилелеринин маанилүү фактору катары тааныштырууга тийиш;

– диндердин маданиятын окутуу окуучуларга бир эле окуя же кубулуш ар түрдүү позициялардын негизинде каралышы мүмкүндүгүн, ар түрдүү көз караштар адамдардын өз ара байланышына жана коомдун биримдигин жана стабилдүүлүгүн чыңдоого жардам берерин ынандырууга багытталат;

– окуучуларды ыйык жазуулардагы негизги персонаждар жана сюжеттер менен тааныштыруу, ансыз адабияттагы, көркөм искусстводогу, музыкадагы шедеврлерди, тилдердин бүтүндөй бир катмарларын түшүнүүгө мүмкүн эмес;

– «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун маанилүү жана актуалдуу милдети – окуучуларга түрдүү диндерди туткан элдердин каада-салттары, адеп-ахлагы, тиричилиги тууралуу түшүнүк берүү; ошондо алар, элдин турмушунда, дегеле тарыхта «жөн эле»

болбогонун, дин – бир гана сыйынуу эрежелери эмес, жашоо образы жана көптөгөн жолу чыпкадан өткөн турмуштук баалуулуктардын системасы экендигине, ар бир маданияттын өзүнүн диний негизи бар экендигине ынанышат;

– жалпы билим берүүчү орто мектептердеги «Дин маданиятынын негиздери» курсу, жаш муундардын адептик баалуулуктарынын жана адамдык мамилелеринин моралынын калыптануусуна таасир эте ала тургандыгына жараша зарыл.

Окуу курсу боюнча кабыл алынган дидактикалык жана методикалык талаптарды эсепке алуу менен, аталган баскычтагы билим берүүнүн болжолдуу мазмунун бардык элементтери тиешелүү окуу программасында иштелип чыгылып, окуу китептеринде ачылып берилет.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмуну адамдардын, элдердин, түрдүү расалык, улуттук, этникалык, диний жана социалдык топтордун ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташууга көмөктөшүүгө, көз караштык мамилелердин түрдүүлүгүн эске алууга, окуп жаткандардын өз көз караштарын жана ынанымдарын эркин тандоосуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө тийиш.

Кыргызстанда салттуу жана салттуу эмес диндердин болушу, бир диндин өкүлдөрүнүн ортосунда да саясий позициялардын көп түрдүүлүгү, мамлекеттик билим берүү системасын уюштуруунун конституциялык-укуктук негиздерин кыйшаюусуз сактоо зарылдыгын белгилейт.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

«Дин маданиятынын тарыхы» курсундагы предметтик компетенттүүлүктөр төмөндөгүлөр**:**

- **Тааныp-билүүчүлүк компетенттүүлүк**
- **Этномаданий.**
- **Социомаданий**

Тааныp-билүүчүлүк компетенттүүлүк:

- дин деген эмне экендигин аныктап, диндердеги тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү сүрөттөп бере алат;
- диндин дүйнөлүк цивилизациялардагы ордун түшүнөт жана түшүндүрмө бере алат;
- фактыларды (айрым окуяларды) жана процесстерди, көрүнүштөрдү шайкеш келтирет, диндердеги тарыхый окуяларды, кырдаалдарды, көрүнүштөрдү салыштыра алат;
- диндердеги тарыхый окуялардын себептик-натыйжалык жана өз ара байланыштарын айкындап, окуялардын, процесстердин жана көрүнүштөрдүн маңызын, тиешелүү экендигин, типтерин ажыратып бере алат;
- алынган маалыматтардын негизинде окуяны жыйынтыгын бүгүнкү күндүн көз карашы менен баалай алат
- диндердин өз ара окшоштуктарын жана өзгөчөлүктөрүн ажыратып, турмуш-тиричиликке аралашкан жактарын белгилей алат
- БУУнун Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясынын жана Адам укугу жөнүндөгү Декларациянын маанилүү пункттары жөнүндө мааламытка ээ болот.

Этномаданий компетенттүүлүк:

- өз элинин маданий байлыктарын анализдеп, анын диний-маданий баалуулуктарына инсандык мамилесин билдирип, өз өлкөсүнүн жана адамзаттын материалдык жана руханий маданият жаатындагы байлыктарын сактайт жана көбөйтөт, улуттун байлыгынын жана тарыхый баалуулуктарынын сактоочусу болуп саналат;

- үй-бүлөлүк, социалдык, коомдук көрүнүштөрдүн жана каада-салттардын маданият таануучулук негиздерин өздөштүрүп, өз элинин маданий мурастарына урматтоо жана башка элдердин маданий мурастарына толеранттуу менен мамиле жасайт;

- дин маданиятынын негиздерин өздөштүрүүгө кызыгуу менен адамдын, адамзаттын, айрым элдердин жашоосунун руханий-адептик негиздерин, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга урматтоо менен мамиле жасайт;

- элдердин жана цивилизациялардын дүйнөлүк маданиятка кошкон салымын баалап, өз өлкөсүнүн жана жалпы адамзаттын материалдык жана руханий маданият жаатындагы мурастарын сактайт жана көбөйтөт;

- диний маданият таануучулук жана эмоциялык-баалуулук мамиленин тажрыйбасына таянып, башка элдердин жана маданияттардын өкүлдөрү менен алака-мамиле түзөт

- дин, маданият жана коом менен байланышкан: социалдык жана экологиялык жоопкерчилик, технологиялык проблемалар, тынчтык жана демократия боюнча ой-жүгүртүп, талкуулайт.

Социомаданий компетенттүүлүк:

- өзүнүн үй-бүлөдөгү, коомдогу жана мамлекеттеги ролун жана ордун аныктап, жоопкерчиликтүү боло алат;

- өзүнүн иш-аракетин улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар жана коомдук эрежелердин нормалары менен дал келтирет;

- көп маданияттуу, көп этностуу жана көп конфессиялуу коомдо жашай алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;

- өз позициясына ээ болуп, анын негизинде көз карашын билдирет, сынчыл ой-жүгүртүп, чечимдерди кабыл алат;

- башкалардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана ыйык жерлерине сый-урмат менен мамиле жасайт;

- диний жөрөлгөлөрдү практика жүзүндө коомдук нормаларда, жүрүш-туруш эрежелеринде, каада-салтта жана майрамдарда колдоно алат;

- топтордо иштеп, оозеки жана жазуу түрүндө тапшырмаларды аткарып, өз оюн билдирет, маалымат технологиялары менен иштеп, топтолгон материалдарды презентациялайт.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы

Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн алкактык Улуттук стандартында өзөктүү катары 3 компетенттүүлүк каралган:

- **маалыматтык,**
- **социалдык-коммуникативдик,**
- **өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү.**

Предметтик компетентүүлүктөр өзөктүү компетентүүлүктөр менен тыгыз байланышта болуп, «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун алкагында алардын мазмунун өнүктүрөт жана тереңдетет.

Маалыматтык компетенттүүлүк – социалдык чөйрө менен өз ара аракеттенүүнүн түрдүү инструменттерин пайдалануу жөндөмдүүлүгү.

1. Дин маданиятынын негиздери боюнча материалдарды өз алдынча максаттуу тандап, фактыларды, версияларды пайда болгон көз караштык системалар менен салыштырып, сынчыл анализ жасап, өткөндү баалоодо өз аргументтерин келтире алат; ММК, интернет маалымат булактары менен иштөө жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болот;

2. Дин маданиятынын негиздери, диний ишенимдин өзгөчөлүктөрү, диний жана диний эмес түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштары, жаңы диний агымдар, терроризм жана экстремизмдин коркунучтары, республикадагы диний жана маданий бирикмелер менен мамлекеттин кызматташтыгы тууралуу базалык билимдерге ээ болот;

3. Диний көз караштардын пайда болушун, өнүгүшүн, диндин адамзаттын жашоосундагы ролун баалап, маалыматты өз ишмердигин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланып, адамдар, уюмдар жана социалдык институттар менен өз ара мамилесинде колдонот, аргументтүү корутунду жасап, маалыматка сынчыл ой жүгүртүүнүн негизинде чечимдерди аң-сезимдүү кабыл алат.

Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк – башка адамдар менен өз ара аракеттенишүү жөндөмдүлүгү.

1. Алынган маалыматтардын негизинде ар түрдүү позициялар болушу мүмкүн экенин моюнга алуу менен, конкреттүү кырдаалдагы пикир келишпестиктер менен кызыкчылыктарды, тараптардын далилдерин талдоого алат; тараптар өз ара эмнеге макул, эмнеге макул эместигин аныктап, проблеманы кайра формулировкалоо, кайсынысынан кандай шартта баш тартууга болорун аныктоо менен, максаттар менен талаптардын артыкчылыктуулугун көрсөтөт;

2. Улуттук руханий баалуулуктарды сыйлоо менен маданиятка жана дүйнө элдеринин диний көз караштарына толеранттуу мамиле жасайт; жалпы адамзаттык баалуулуктарды негиз кылып алып, гуманизмдин идеяларын көтөрүп чыгат, адам укуктарын урматтайт; маданият таануучулук билимдерине, тажрыйбасына, эмоциялык-баалуулук системасына таянып, башка элдер жана маданияттар менен өз ара алака-мамиле түзөт;

3. Өз максаттарын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштырат, позициялардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этникалык, профессионалдык, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат; өзүнүн идеяларын айта билүү жана башка адамдардын идеяларын уга билүү, дискуссиянын динамикасын

сезе билүү жана регламентти сактоо, сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүү жөндөмдүүлүгү калыптанат.

Өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү – адамдын өз турмушун башкара алуу жана өз алдынча аракеттене алуу жөндөмдүүлүгү.

1. Алынган маалыматтардын негизинде диний ишеним жана диний ой жүгүртүүлөрдү, дин менен илимий, дин аралашпаган жана укуктук, диний жана жашыруун диний агымдарды айырмалай билет; глобалдык экстремизм, терроризм жана диний радикализм идеологиясынын коркунучун жана алардан коргонуу керектигин түшүнөт;

2. Диндин моралдык-этикалык баалуулуктарын таануу менен түшүндүрө билет; коомдун жашоосундагы диндин дүйнөлүк көз караштагы жана таанып билүүдөгү кызматын (миссиясын) баалайт; улуттук баалуулуктарды сактоо менен ар түрдүү диний ишенимдер жөнүндө көз карашы калыптанат; маселеге сынчыл ой-жүгүртүп, үй-бүлө, коом жана мамлекеттин кызыкчылыктьары жана нормаларынын негизинде чечимдерди кабыл алат;

3. Топтордо иштей алуу жана ар кандай кырдаалда өз позициясын аргументтүү коргоо менен бирдиктүү чечимге келүү; көп маданияттуу, көп улуттуу жана көп конфессиялуу коомдо өзүнүн ордун табуу ар түрдүү пикирлердин болушуна мүмкүндүк берген чечимдерди кабыл алуу; жазуу жана оозеки баарлашуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.

2.5. Мазмундук сызык: окуу материалын мазмундук сызык жана класстар боюнча бөлүштүрүү

2.5.1. Мазмундук сызык.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун негизги мазмундук сызыгы дин маданиятынын ар тараптуулугун жана көп перспективалуулугун чагылдырып турат. Мазмундук сызык: тарыхый мезгил, тарыхый мейкиндик, тарыхый кыймыл жана тарыхый персонаж деген негизги компоненттер менен аныкталат.

Мектептик «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун негизин төмөнкү мазмундук сызык түзөт:

I. Тарыхый мезгил

1. окуялардын чен-өлчөмдөрүн жана датасын билүү;
2. даталардын, кубулуштардын жана процесстердин өз ара байланышын аныктоо;
3. окуяларды, процесстерди доорлого (мезгилдерге) бөлүштүрүү;
4. диндердин пайда болуу жана өнүгүү мезгилдери боюнча түшүнүккө ээ болуу;
5. дин менен цивилизациялардын ортосундагы мезгилдик байланыштарды аныктоо
6. тарыхый мезгил сызыгындагы исламдык жана христиандык жылдардын башталышын билүү.

II. Тарыхый мейкиндик

1. диндердин географиялык таркоо мейкиндиги, демографиялык жана топографиялык маалыматтарды билүү;

2. ар түрдүү диний ишенимдердин пайда болгон жана дүйнө жүзүнө таркаган мейкиндигин аныктоо;

3. дүйнөнүн, региондун, өлкөнүн түрдүү дооорлордогу тарыхый картасындагы өзгөрүүлөр тууралуу билимдерге ээ болуу;

4. диний ишнемдер таасир эткен цивилизациялардын географиялык, экологиялык, этникалык, социалдык, геосаясий абалы жөнүндө элестөөлөрү;

5. тарыхый картада диний көз караштардан келип чыккан адамдын, коомдун жана табияттын өз аракеттеринин чагылышы.

III. Тарыхый динамика

1. окуяларды жана көрүнүштөрдү баяндап жазуу, тарыхый окуяларды, кырдаалдарды, көрүнүштөрдү салыштыруу менен фактыларды жалпылаштыруу;

2. фактылардын жана процесстердин, көрүнүштөрдүн өз ара катышын аныктап, шайкеш келтирүү;

3. окуялардын өз ара байланыштуулугунун себептик-натыйжалык байланышын, маңызын, таандык экендигин, типтерин аныктоо;

4. окуялардын жана процесстердин карама-каршылыктуулугун, тенденцияларын, динамикасын, диалектикасын ачып берүү;

5. окуялардын натыйжаларын, кесепеттерин анализдеп, бүгүнкү күндүн көз карашы менен сынчыл баалоо.

IV. Тарыхый персонаждар

1. көрүнүктүү диний ишмерлердин ишмердүүлүктөрүнүн тарыхтын өнүгүүсү үчүн маанилүүлүлүгүн баяндоо;

2. алардын ишмердүүлүгүн мазмунун салыштырып, аларды типтештирип, ишмердүүлүгүндөгү жалпы жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;

3. тарыхый инсандардын ордун тарыхый өнүгүүнүн контекстинде аныктоо;

4. түрдүү тарыхый дооорлордогу адамдардын жашоо шарттарын жана тиричилигин, алардын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, иш-аракеттеринин мотивдерин, дүйнөнү кабылдоосун, баалуулуктарын салыштыруу.

Аталган сызыктарга ылайык негизги (тогуз жылдык) мектепте окуу материалынын базалык мазмуну «Дин маданиятынын тарыхы» курсунда баяндалат.

2.6. Предметтик аралык байланыштар. Мазмундук сызыктар

2.6.1. Предметтер аралык байланыш

Негизги предметтер аралык байланыштар төмөнкү багыттар аркылуу жүрүүгө тийиш: Дин маданиятынын тарыхы – Кыргызстан жана Дүйнө тарыхы; Дин маданиятынын тарыхы – география; Дин маданиятынын тарыхы – «Адам жана Коом».

Жогоруда көрсөтүлгөн предметтердин «Дин маданиятынын тарыхы» курсу менен өз ара байланышы жалпы орчунду проблемаларга жана темаларга көңүлдүн борборун топтоо аркылуу камсыз кылынат.

Кыргызстан жана Дүйнө тарыхы – ар түрдүү тарыхый дооорлордо адамдын социумдагы, мамлекеттик жана коомдук турмуштагы, маданий жана диний системалардагы, үй-бүлөдөгү жана башка адамдар менен болгон мамилелериндеги орду өзгөрүлө тургандыгы жөнүндө түшүнүктөр, руханий жана материалдык маданияттагы жетишкендиктер «Дин маданиятынын тарыхы» курсунда кеңири колдонулат.

География – географиялык жана тарыхый карта, дүйнөнүн саясий картасындагы диний ишенимдердин багыттары, дүйнө элдери жана Кыргызстандын калкынын улуттук составы жөнүндөгү маалыматтар «Дин маданиятынын тарыхы» курсунда окутулат.

«*Адам жана Коом*» – коомдун өнүгүүсүнө диний көз караштардын тийгизген таасири, коомдун турмушундагы маданияттын, диндин орду жана ролу, ар түрдүү цивилизациялардагы адамдын укугу жана милдеттеринин калыптануусу жөнүндө «Дин маданиятынын тарыхы» курсунда окутулат.

2.6.2. Мазмундук сызык

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун негизги мазмундук сызыктары төмөнкүдөй:

Мазмундук тилке	9-класс
Тарыхый мезгил	Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары
Тарыхый мейкиндик	Дүйнөлүк диндердин азыркы географиясы. Европа христианствонун башаты. Христианство жана Түндүк Америка. Азия жана Африка – ислам эң көбүрөөк тараган региондор. Буддизм – Түштүк-Чыгыш Азия элдеринин салттуу дини.
Тарыхый динамика	- Алгачкы диний ишенимдердин (Тотемизм, Фетишизм, Анимизм, Магия, Ата-бабанын арбагына сыйынуу, Шаманизм.), Байыркы дини ишенимдер (Зароастризм, Манихейство, Несторианство, Теңирчилик), - Улуттук диндер (Индуизм, Иудаизм, Конфуцианство, Даосизм), - Дүйнөлүк диндердин (Буддизм, христиан, ислам) пайда болуу мезгили.
Тарыхый персонаждар	Зороастр, Мани, Конфуций, Лао-Цзы, Сиддхартха Гаутама, Иисус Христос, Мухаммед-алейх салам, Абу Ханифа, Малик ибн Анас, Мухаммед аш-Шафи, Ахмад ибн Ханбала, Кожо Ахмат Яссави, Махдум-и-Азам, *Кожо Исхак*

3. БИЛИМ БЕРҮҮНҮНҮН НАТЫЙЖАСЫ ЖАНА БААЛОО

3.1. Окуучуларды окутуунун күтүлүүчү натыйжасы

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунда көңүл борборун жалпы (бардыгын бириктирүүчү) кызыкчылыктарга топтоштуруу, мына ушуга таянып, жалпы орто билим берүүдө «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча окуу программасын жана окуучулардын ишмердигин баалоонун критерийин иштеп чыгуу зарыл.

Натыйжалар таблицасындагы белгилөөлөрдүн идентификатору:

Мисал: 9.1.2.3.

1-цифра – *класс* (9)

2-цифра – *тематикалык сызык*: 1. Тарыхый мезгил; 2. Тарыхый мейкиндик; 3. Тарыхый динамика; 4. Тарыхый персонаждар;

3-цифра – *компетенттүүлүк:* 1. Таанып-билүүчүлүк; 2. Этномаданий; 3. Социомаданий

4-цифра – *натыйжа 1*. дүйнөнүн маданий көп түрдүүлүгү, тарыхый процесстин көп варианттуулугу жана альтернативдүүлүгү, диний ишенимдердин пайда болуусу, өнүгүүсү жана калыптануусу боюнча түшүнүгү бар

натыйжа 2. окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырат жана даталарды системалаштыруу принцибин негиздейт диндердин негизги белгилерин, өзгөчөлүктөрүн окшоштуктарын аныктайт. ж.б.

Эскертүү: Тематикалык тилкелердеги жана компетенттүүлүктөрдөгү натыйжалардын саны бирдей эмес болушу мүмкүн (1 ден 3-5ке чейин)

3.2. «Дин маданиятынын тарыхы» курсунда окуучулардын билим алуусу боюнча натыйжалары

Мазмундук сызыктар	**Компетентүүлүктөр**	**Билим берүүнүн натыйжалары**
		9-класс
1. Тарыхый мезгил	**1.** Таанып-билүүчүлүк	**9.1.1.1.** дүйнөнүн маданий көп түрдүүлүгү, тарыхый процесстин көп варианттуулугу жана альтернативдүүлүгү, диний ишенимдердин пайда болуусу, өнүгүүсү жана калыптануусу боюнча түшүнүгү бар **9.1.1.2.** окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырат жана даталарды системалаштыруу принцибин негиздейт
	2. Этномаданий	**9.1.2.1.** өзүнүн жана башка элдердин маданий: руханий жана материалдык баалуулуктарын билет; **9.1.2.2.** өзүнүн жана башка элдердин коомдук турмушундагы диний ишенимдердин, көз караштардын пайда болуусун, калыптануусун жана тарыхый өнүгүүгө тийгизген таасирин түшүндүрүп бере алат;
	3. Социомаданий	**9.1.3.1**. Диний ишенимдерге негизделген жалпы адамзаттык баалуулулуктардын келип чыгуусун аныктай алат; **9.1.3.2.** Коомдун өнүгүүсүнө таасир эткен тарыхый процесстердин, окуялардын жана кубулуштардын себеп-натыйжаларын анализдеп, сынчыл ой-жүгүртө алышат;
2. Тарыхый мейкиндик	**1.** Таанып-билүүчүлүк	**9.2.1.1.** Тарыхый картадан алгачкы, байыркы жана дүйнөлүк диндер (буддизм, христиан, ислам) келип чыккан аймактарды жана бүгүнкү күндө бул диндерди туткан мамлекеттерди көрсөтүп берет; **9.2.1.2.** диний ишенимдердин пайда болуусунун себептерин, диндин цивилизациялардын өнүгүүсүнө жана коомдук мамилелерге тийгизген таасирин жана камтыган географиялык мейкиндиктерин аныктай алат;
	2.	**9.2.2.1.** кыргыздардын жана Кыргызстандын руханий

	Этномаданий	жана материалдык маданиятынын өнүгүүсүнө мүнөздөмө берет; **9.2.2.2.** полимаданий дүйнөнүн жашашына таасир эткен факторлорго түшүндүрмө бере алат
	3. Социомаданий	**9.2.3.1.** диндердин, цивилизациялардын пайда болушуна жана жашоо жөндөмдүүлүгүнө таасир эткен факторлорду анализдейт жана аргумент келтире алат; **9.2.3.2.** цивилизациялардын, мамлекеттердин жана элдердин саясий, маданий, соода жана чарбалык байланыштарына диний көз караштардын тийгизген таасири тууралуу маалыматы бар;
3. Тарыхый динамика	**1.** Таанып-билүүчүлүк	**9.3.1.1.** түрдүү булактардагы маалыматтарды салыштырып, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктай алат; **9.3.1.2.** диндердеги тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү жалпылай алат окуяларды конкреттүү мезгил менен локалдаштырат;
	2. Этномаданий	**9.3.2.1.** өз элинин жана башка элдердин маданий жетишкендиктерине кызыгат, аларды сактоо үчүн тарыхый билимдерин колдоно алат; **9.3.2.2.** тарыхый дооорлордун алмашууларына жараша улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды анализдей алат;
	3. Социомаданий	**9.3.3.1.** диндер тууралуу билимдерин мектепте жана жашоосунда диологдун негизи катары колдонот; 9**.3.3.2.** көп маданияттуу, көп этностуу жана көп конфессиялуу коомдогу ар түрдүү көз караштарга толеранттуу мамиле жасайт;
4. Тарыхый персонаждар	**1.** Таанып-билүүчүлүк	**9.4.1.1**. негизги окуялар жана алардын катышуучулары тууралуу баяндап, алардын аракеттерине баа берет; **9.4.1.2.** инсандарды системалаштыруу жана топтоштуруу принциптеринде аныктай алат;
	2. Этномаданий	**9.4.2.1.** өз элинин жана дүйнө элдеринин диний ишенимдерине мүнөздөмө берип, маданияттын баалуу эстеликтерине жана алардын түзүүчүлөрүнө баа берет; **9.4.2.2.** Кыргызстандык тарыхый инсандардын тарыхка кошкон салымына баа беришет;
	3. Социомаданий	**9.4.3.1.** адамзаттын маанилүү ачылыштары, алардын адамзаттын өнгүшүндөгү салымы тууралуу түшүнүктөрү бар; **9.4.3.2.** тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүнүн мисалында көп маданияттуу, көп этностуу жана көп конфессиялуу коомдогу жүрүш-түрүшка анализ жүргүзө алат

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиясы

Баа – окуучуларга алардын жетишкендиктерин же класстагы аткарган иштерин текшерүү үчүн коюлат.

Баа – окуучуда калыптанган компетенттүүлүктүн, Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекемделген сапаттык аныктоо даражасы.

Баалоо – бул окуучунун алган билиминин деңгээлин, ээ болгон компетентүүлүгүн, мугалимдин эмгегинин натыйжасын, ата-эне күткөн жыйынтыкты жана мамлекет талап кылган жарандын образын көрсөтөт.

Баалоо системасы – татаал жана көп функциялуу система, мында баалоого окуучулар гана эмес, мугалимдер, коомчулук, ата-энелер, билим берүүгө тиешеси бар бардык инсандар катышат.

Баалоонун максаты – стандартта талап кылынган жыйынтыктарга жетүү процессин көзөмөлдөө; окуучулардын билимин жана түшүнүгүн текшерүү; алган билимин турмушта колдоно алуусуна жетишүүгө жардам берүү; өзүн-өзү баалоого жана көзөмөлдөөгө шарт түзүп берүү; мугалимдер, окуучулар жана ата-энелердин ортосунда кайтарым байланышты уюштуруу ж.б. Критерийлерге негизделген стандарттык белгилөө боюнча баалар бардык окуучулар үчүн мүмкүн, окуучулар белгилүү бир аныкталган баадан башка бааны алышпайт.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунда баалоонун принциптери:

– **Объективдүүлүк.** Обьективдүүлүк принциби бардык окуучулар бир эле сыноодон бирдей шарттарда өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объективдүлүгү мугалимде да, окуучуларда да баанын так критерийлеринин болушун талап этет. Баалоо класстагы жагымдуу атмосферанын шартында жүргүзүлүүгө тийиш.

– **Ачыктык** баалоонун критерийлери менен формалары окуучуларга күн мурунтан белгилүү болуусун талап кылат. Окуучулар эмне жана кантип бааланарын билиши керек, мында алар баалоонун критерийлерин иштеп чыгууга катыша алышат.

– **Ишенимдүүлүк.** Бул принцип материал боюнча кошумча сабактарды өткөрбөстөн, берилген тапшырмаларды кайталап колдонууда бир эле окуучуга карата алганда бирдей жыйынтыктарды камсыз кылууга тийиш.

– **Валиддүүлүк** – баалоо методунун шексиздиги, ал өлчөнүүгө тийиш болгон нерсенин өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

Баалоонун функциялары:

– Багыттоочу – окуучунун акыл эмгегине таасир этүүчү;
– Стимул берүүчү – окуучунун мындан ары ишмердүүлүгүн аныктоочу;
– Тарбиялоочу – окуучунун жүрүш-турушуна таасир этүүчү.

Баалоонун түрлөрү

Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекетик билим берүү стандартында баалоонун үч түрү белгиленген: диагностикалык, формативдик жана суммативдик.

Диагностикалык баалоо окуу жылынын / ар бир циклдин башында кийинки прогрессти баалоо үчүн жүргүзүлөт: мугалим окуу жылынын ичинде окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт.

Формативдүү (калыптандыруучу) **баалоо** – окуу процессинин жүрүшүндө аткарган ишмердүүлүктүн түрлөрүнө (топтук, оозеки, жазуу) карап окуучуну баалап баруу.

Формативдик баалоонун максаттарын окуучулардын материалды өздөштүрүүсүнүн ийгиликтүүлүгүн жана жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучулардын ийгиликке жетишүүсү үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу түзөт. Окуучунун жөндөмдүлүктөрүнүн деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктерине жана прогрессине көңүл бурулат. Журналга баа зарылдыгына жараша коюлат, мугалим окуучулардын жеке прогрессине өздүк байкоолорун белгилеп түшүрөт.

Суммативдүү **баалоо** – чейректин, окуу жылынын аягында окуучунун жыл бою окуу процессине катышкан ишмердүүлүгүн жыйынтыктоочу баалоо. Мындай баалоо окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга окуучунун жетүү даражасын аныктоо үчүн колдонулат.

Жалпысынан баалоодо окуучулардын билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн текшерүүнүн төмөндөгү методдору колдонулат:

–текшерүнүн оозеки түрлөрү (сурамжылоо, суроолорго оозеки жооп берүү, оозеки текшерүү иши ж.б.),

–текшерүнүн жазуу жүзүндөгү түрлөрү (терминологиялык жат жазуу, өз алдынча иш, текшерүү иши, тематикалык реферат, тесттердин ар кыл түрлөрү).

–Текшерүүнүн практикалык түрлөрү (практикалык иш, эксперименталдык иш ж.б.).

Суммативдик баалоодо оозеки суроонун көлөмү азаят, ал эми жазуу иштеринин көлөмү көбөйөт. Айына жок дегенде бир ирет текшерүү иштерин өткөрүү сунуш кылынат. Мындай иштерди өткөрүүдө сөзсүз түрдө текшерүү иштеринин ар түрдүү формаларын колдонуу зарыл. Окуучулардын текшерүү иштерин текшерүүдө окуучулар менен кеңири байланыш түзүү, аткарылган иштерди аргументтелген талдоо жүргүзүү зарыл. Бул жерде окуучунун ишмердүүлүгү бааланат, ал эми мугалимдин окуучуга болгон мамилеси коюлган баага таасир тийгизбеши керек.

Объективдүү баалоо. Баалоонун критерийлерин пайдалануу менен, окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо (критерийлер боюнча баалоо).

Обьективдүүлүк принцибин камсыз кылуучу баалоо – критерийлер боюнча баалоо.

Критерийлер боюнча баалоо ар бир окуучунун ишмердүүлүгүн гана баалоого (бир окуучунун жообун/ишин башка окуучунун жообу/иши менен салыштырбай) мүмкүндүк берет. Окутуунун натыйжаларына карата алганда окуучунун окутулгандык деңгээлин аныктайт. Бул жерде ар бир окуучу тарабынан материалды өздөштүрүү деңгээли баалоонун критерийлерине жана тиешелүү күтүлгөн натыйжаларга жараша бааланат.

Окуучунун окуудагы жетишкендиктерин баалоонун критерийлеринин негизи болуп окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын жыйынтык максаттары эсептелет.

Мындай баалоонун критерийлерин пайдалануунда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн баалоо ачык-айкын жана түшүнүктүү болот. Бул критерийлер обьективдүү баалоону камсыз кылат. Мындай баалоодо мугалим баалоонун критерийлери менен окуучуларды күн мурунтан тааныштырусу керек. Ушундай учурда гана окуучулар ар бир тапшырмага түшүнүү менен мамиле кылышат, бул болсо кийинки жетишкендиктерге жетүүгө мүмкүндүк берет.

Баалоонун жалпы критерийлери:

- Окуучунун жообу окуу программасына жана окуу китебиндеги материалга дал келүүсү, стандартта белгиленген негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн элементтеринин болуусу;
- Окуучу теманы өздөштүрүп, жалпы жана жекече факторлорду, окуяларды, процесстерди, ж.б. эстеп калат, аларды айтып бере алат;
- Окуучу оюн толук, так түшүндүрүп, фактыларды, эрежелерди, принциптери түшүндүрүп бере алат, чечмелейт, аныктайт, тактайт;
- Окуучу, логикалык суроолорду берип, топтук иштерге активдүү катышып, жаңы кырдалдарга карата жалпы принциптерди, абстрактуу түшүнүктөрдү ылайык келтирет, турмуштук кырдаалда пайдаланат;
- Маалыматты бөлүктөргө ажыратат, тезистеги маанилүү фактыларды, гипотезаларды аныктайт, кырдаалдагы маанилүү жана маанилүү эмес фактылардын чегин ажыратат;
- Белгилүү бөлүктөрдүн негизинде бүтүндүктү (маалыматты, планды, иш-чараларды) жаратат. Бөлүктөрдү бүтүнгө айландырат. Эссе, дилбаян жаза алат, иш аракеттин планын түзө алат;
- Белгилүү чен-өлчөмдөргө, критерийлерге карата маанилүүлүктү, тактыкты, окшоштукту, шайкештикти аныктайт, натыйжага баа берет;
- Практикалык иштерди аткарып, оозеки жооп бере алат, жазуу иштерин аткаруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунда окуучуларды баалоонун болжолдуу критерийлери:

1. Оозеки жооп берүүнүн критерийлери:

- жооп окуп-үйрөнгөн материалга негизделиши;
- логикалык уланмалуулукта жана толук болушу;
- жооп адабий тилде берилиши;
- окуучунун өзүнүн көз карашын билдириши керек.

«5» – жооп адабий тилде окуп-үйрөнгөн материалга негизделип, логикалык уланмалуулукта жана толук, окуучунун жекече көз карашын билдирет;

«4» – жооп окуп-үйрөнгөн материалга негизделип, логикалык уланмалуулукта жана толук, бирок, бир-эки ката белгиленди;

«3» – жооп толук эмес, бири-бири менен байланышта эмес, бирок, окуучу материалды негизин билет;

«2» – окуучу материалды түшүнбөйт, айтып бере албайт, мугалим тарабынан берилген багыттоочу суроолорго жооп бере албайт.

2. Жазуу иштерин баалоонун критерийлери:

- жооп окуп-үйрөнгөн материалды толук камтыйт;
- жооп берүүдө өзүнүн жекече көз карашын билдире алат;
- жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдоно алат;
- жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделген.

«5» – жооп окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөр колдонулган. Жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн жекече көз карашын билдирет;

«4» – жооп окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөр колдонулган, аргументтер келтирилген;

«3» – жооп окуп-үйрөнгөн материалдын негизинде гана берилген, терминдер жана түшүнүктөр колдонулган эмес, аргументтер келтирилген эмес;

«2» – жооп жок же туура эмес.

3. Практикалык ишти баалоонун критерийи:

- окуучулар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө тапшырмаларды аткаруунун уланмалуулугун сактайт;

- тапшырмаларды аткарууда өз алдынча сунушталган булактарды тандап, аларды колдоно алат;

- теориялык алган билимин, практикалык көндүм, ыкмаларды өздөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алат;

- чыгармачыл эмгектерин презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталары жок.

«5» – тапшырма толук материалды камтып, логикалык уланмалуулукта аткарылган. Окуучулар маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура колдонгон, техникалык жана стилистикалык каталары жок;

«4» – тапшырма толук материалды камтып, бирок, кээ бир жерлерине логикалык уланмалуулук сакталган эмес. Окуучулар маалымат булактарын колдонгон, бирок, иштин жыйынтыгын презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталар бар;

«3» – тапшырма мугалимдин жардамы менен аткарылган же толук бүтпөй калгандыктан үйгө иштеп келүү үчүн берилген. Окуучулар материалды теориялык жакшы билгени менен практикалык түрдө аткара алышпайт;

«2» – аткарылган иш коюлган максатка туура келбейт. Материал начар өздөштүрүлүп, мугалим тарабынан жардам берилсе да окуучулар тапшырманы аткара алышпайт.

Талдоо

Баалоонун эң негизги этабы болуп алынган натыйжаларды балоо эсептелет. Окуу процессинде мугалим ар бир өткөрүлгөн ишке талдоо бериши керек.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча мугалим:

1. Окуучулар менен кеңири байланышты түзүүсү жана каталардын үстүндө иштөөнү сунуш кылуусу;

2. Өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүсү, мисалы:

−окуучулар кыйналган темаларды өдөштүрүүнү улантуу;

−окуучулардын түшүнүүсүн жакшыртуу үчүн кошумча убакыт бөлүү;

3. Окутуу методикасын көңүл буруусу, оңдоолорду киргизүүсү;

4. Календардык-тематикалык пландоону коррекциялосу керек.

4. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

4.1. Ресурстук камсыз кылууга коюлуучу талаптар

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну уюштуруу.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 6 майындагы № 324 токтому менен бекитилген «Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясы», «Дин маданиятынын негиздери» курсун окутууну уюштуруу үчүн негиз болуп саналат.

Билим берүү уюмдарында «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутуу үчүн төмөнкү шарттар зарыл:

1) аталган окуу курсун окутуу үчүн даярдалган жана аны окутууну каалаган, зарыл педагогикалык квалификациясы, тарых же коомдук билимдер боюнча адистиги бар мугалимдин болушу.

2) окуу курсун окутуу үчүн зарыл окуу-методикалык камсыздоонун болушу.

Билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик органдары өз компетенцияларынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде, жарандардын билим алууга болгон муктаждыктарын канаттандыруу үчүн көрсөтүлгөн шарттардын болушун камсыз кылуу боюнча иш чараларды уюштурат жана жүзөгө ашырат.

Аталган стандартты жүзөгө ашыруу динге ишенген жана динге ишенбеген адамдардын ортосундагы ишенбөөчүлүктөрдү нейтралдаштырууга шарт түзүп, өз ара ишенимди бекемдөө жолундагы алгачкы кадам болуп калат. Аталган стандарт боюнча план ченемдүү иштердин натыйжасында, методикалык материалдар, жаңы окуу китептери иштелип чыгат жана кандайдыр-бир деңгээлде материалдык база чыңдалат.

Аталган стандартты жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй даярдоо иштерин жүргүзүү зарыл:

1. Нормативдик-укуктук базаны иштеп чыгуу. «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну уюштуруу боюнча билим берүү органдарынын, мекемелеринин жетекчилери, ошонун ичинде, педагогдор үчүн, деталдашкан сунуштарды, көрсөтмөлөрдү, маалыматтык-методикалык материалдарды, окутууга жолдомо берүү процедурасын даярдоо.

2. «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча тажрыйбаны окуп-үйрөнүү, жалпылоо жана мугалимдерди даярдоо системасын түзүү. Педагогикалык жогорку окуу жайлар үчүн жаңы окуу курстарын киргизүү, жалпы орто билим берүү уюмдарында билим берүүнүн баскычтары боюнча келечектеги мугалимдерди даярдоо системасын түзүү.

3. Жалпы билим берүүчү мектептеги окутуу-тарбиялоо процессин актуалдуу программалар, окуу китептери жана окуу куралдары менен жабдуу. «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмуну билимдердин эки булагы: илимий борборлор жүргүзгөн академиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары жана ар диний бирикмелер сунуш кылган материалдар менен аныкталат. Диний уюмдар бере турган материалдарда башка конфессиялар тууралуу терс баалар же жеке көз караштар болбогону маанилүү. Бул маселеде ММК, тактап айтканда, теле көрсөтүү олуттуу роль ойнойт. Теле көрсөтүү аркылуу диндердин тарыхы проблемасы боюнча окуу сабактарын уюштурса максатка ылайыктуу болот.

4. Сынак өткөрүү үчүн республиканын бардык аймактарынан 56 мектеп тандалып алынат. Апробация иштери региондор менен бирдикте «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча окуу программаларынын, окуу китептеринин жана окуу курсу боюнча зарыл сандагы даярдалган мугалимдердин болгондугуна жараша киргизилет. Аталган стандарттын жоболорунун негизинде, педагогикалык жана ата-энелер коомчулугунун кеңири катышуусу, жарандык коомдун институттарынын көзөмөлдүгү астында, бардык иш-аракеттерди жана иш-чараларды жүзөгө ашыруу, бардык деңгээлдерде ачык жана жаап-жашырылбастан жүргүзүлүүгө тийиш.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча мугалимдерди окутууга жолдомо берүүнүн шарттары.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча мугалимдердин талапкерлиги төмөнкү шарттар менен аныкталат:

1) аталган курсту окутууга мугалимдин макулдугу;

2) жалпы билим берүүчү мектепте мугалим катары иштөөгө жолдомо берүү үчүн зарыл болгон педагогикалык квалификациянын болушу;

3) «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча мугалимдикке тарыхчы, гуманитардык профилдеги квалификацияга ээ болгондорго артыкчылык берилет.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутуу үчүн зарыл болгон «дин таануучу» сыяктуу атайын квалификациясы, же аталган адистикке даярдоо, кайра даярдоо жөнүндөгү күбөлүгү, сертификаты, диплому адистер да тартылышы мүмкүн.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун берген окутуучу, руханий сапаттарга ээ, интеллектуалдык жактан өнүккөн, активдүү турмуштук позициясы бар, билимдүү, жаңы илимий жетишкендиктерге ээ болууга умтулган, өзүн ар тараптан өркүндөтүү менен алектенген, түгөнгүс интеллектуалдык изденүүчүлүк менен жашаган, турмуштун ар кандай кырдаалдарында пайда болгон суроолорго заманбап жана оптимисттик жоопторду бере алган окутуучу болушу керек экендиги эске алынууга тийиш.

4.2. Түрткү болуучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Кыргыз Республикасында жарандардын динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги, динине карабастан тең укуктуулугу гарантияланган. Азыркы кыргыз мамлекетинин демократиялык мүнөзү, түрдүү социалдык топтордун көз караштык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эсепке алууну болжолдойт. Мисалы, Кыргызстандын коомунун диний бөлүгү, жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик системасында билим, билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документтерди алууга болгон спецификалык муктаждыктарын жүзөгө ашырууга укуктуу. Мамлекет бул муктаждыктарга урматтоо менен кароого жана аларды, коомдун динге ишенбеген бөлүгүнүн кызыкчылыктарын жана укуктарын, жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды сактоо менен канааттандырууга тийиш.

Баланын кызыкчылыктарын жана конституциялык укуктарын, ата-энеси балдарын конфессиялык эмес, мамлекеттик мектептерге бере тургандыгын эске алып, динге ишенүү же ишенбөө жана диний ишенимдерин эркин тандоо укуктарын жана милдеттерин камсыз кылуу зарылдыгына көңүл буруу керек.

Азыркы шарттардагы топтолгон практиканы эсепке алуу менен, билим берүү уюмдарында «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну окуу-методикалык адабияттарды экспертизалоо маселесинде кызматташуу зарыл. Мындан тышкары, окуучуларды улуттук маданиятка интеграциялоо, тарбиялоо, коомго аралаштыруу, социалдык чектен чыгууларды алдын-алууга маселелери, ж.б. өз ара кызматташуунун предмети болуп саналат.

Кыргыз мамлекетинин диний эместиги (светтик мамлекет) тууралуу Конституциялык принцип, мамлекеттин диний бирикмелерден бөлүнгөндүгүн бекемдейт, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердигине диний уюмдардын ишмердиги менен алмаштырууга жол бербейт. Ошол эле мезгилде, ал мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын диний уюмдар менен билим берүү жаатында, жарандардын билим алуу боюнча муктаждыктарын канаттандырууда өз ара кызматташтыкка тоскоолдук кылбайт.

Мындай өз ара кызматташтык азыркы көптөгөн демократиялык, башкарууга дин аралашпаган мамлекеттер үчүн адаттагы эле практика.

Жогоруда белгиленген проблемаларды анализдеп үйрөнүү менен, «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизүү, калктын динге ишенген да, динге ишенбеген да бөлүгүнүн диний ой жүгүртүүсүн өзгөртүп, толеранттуулук денгээлин жогорулата алат. Башкача айтканда, мусулман калкы көпчүлүктү түзгөн башкарууга дин аралашпаган (светтик) мамлекеттин шартында, коомдогу социалдык жана руханий-адептик проблемаларды чечүүгө байланышкан диний көз карашты жөнгө салат.

Бул жаны курс азыркы көп көз караштуу жана көп конфессиялуу кыргыз коомундагы окуучуларга руханий-адептик билим берүү проблемасын чечүүнүн социомаданий, илимий-педагогикалык жана уюштуруу жолдорун ачып берип, ошонун ичинде, окуучуларды Кыргызстандын элдеринин салттуу диндерин, Дүйнөлүк диндердин тарыхый жана маданий негиздерине жуурулуштурууга мүмкүнчүлүк түзөт.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу Кыргыз Республикасынын өспүрүмдөрүнө жана жаштарына жалпы орто билим берүү, тарбиялоо жана коомго аралаштыруу процессинде, руханий-адептик билим берүүнү өркүндөтүүгө багытталган. Сунуш кылынган дин маданиятынын тарыхын системалуу үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрү, жалпы билим берүүчү (дин аралашпаган же светтик) мектептерде, окуучуларды өз үй-бүлөсүнүн, элинин руханий-адептик, тарыхый баалуулуктарына жана каада-салттарына жуурулуштурууга мүмкүнчүлүк берет.